ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 902.313:82(045) 046) DOI: 10.35803/1694-5298.2019.3.436-439

**А.С. БАПИЕВ** КГУСТА им. Н. Исанова Бишкек, Кыргызская Республика
bapiev.05@mail.ru
**A. S . BAPIEV** KSUCTA n.a. N. Isanov, Bishkek, Kyrgyz Republic

**М.Ш. ТӨЛӨБАЕВ** КГУСТА им. Н. Исанова Бишкек, Кыргызская Республика
bapiev.05@mail.ru
**M . SH . TOLOBAIEV** KSUCTA n.a. N. Isanov Bishkek, Kyrgyz Republic

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭКОЛОГИЯЛЫК АҢ-СЕЗИМИ ЖАНА АНЫН КӨРКӨМ АДАБИЯТТА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

# ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ СОЗНАНИЕ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА И ЕГО ОТРАЖЕНИЕ В ЛИТЕРАТУРЕ

# THE ECOLOGICAL AWARENESS OF THE KYRGYZ PEOPLE AND ITS REFLECTION IN THE LITERATURE

*Бул макалада кыргыз элинин экологиялык аң-сезими жана анын көркөм адабиятта чагылдырылыш маселелери каралат.*
***Өзөк сөздөр:*** *экологиялык аң-сезим, руханий байлык, тотем, экосистема, көчмөндөр.*

В *представленной статье рассматриваются вопросы экологического сознания кыргызов и его отражение в художественной литературе.*
***Ключевые слова:*** *экологическое сознание, духовная ценность, тотем, экосистема, кочевники.*

*The article presents the issues of environmental consciousness of the Kyrgyz people and its reflection in fiction*
***Key words:*** *ecological consciousness, spiritual value, totem, ecosystem, nomads*.

Эзелтен эле кыргыз эли айлананы курчап турган жаратылышка чоң маани берип, ага таазим кылып келген. Элдин салттуу аң-сезиминде жаратылыш бул бир чоң жандуу жана сырдуу дүйнө. Бул аң-сезим боюнча адам жаратылышка карама-каршы турбайт жана андан бөлүнбөйт. Адам баласы жаратылыштын ажырагыс бир бөлүгү. Жаратылыш адамдан улуу жана ага караганда биринчи орунда турат. Жаратылыш бул түбөлүктүү, көөнөргүс,чексиз, ыйык чоң дүйнө. Ал эми адам баласы бул дүйнөдө убактылуу жана кичинекей жан. Адам жаратылыштан өзүнө буйруган жана ченемдүү нерсени гана ала алат. Көчмөн турмуш кыргыздарды жартылышка аяр мамиле кылууга үйрөткөн. Көчмөндөрдүн жашоосу аларды курчап турган табияттын өзгөчөлүктөрүнөн жана мүмүкүнчүлүктөрүнөн толугу менен көз каранды болгон. Алардын тагдыры табияттын тагдыры менен тыгыз байланышта болгон. Ошондуктан көчмөн кыргыздар илгертен эле жерди, сууну, тоолорду ыйык эсептеп аларга сыйынып келишкен. Ошол себептен азыр Кыргызстандын булуң-бурчтарында ыйык деп эсептелген жерлер көп. Булардын ар биринин өзүнүн уламасы бар. Кыргыздар бул жерлер (тоо-таштар, булактар ж.б.) магиялык күчкө ээ дешип аларга сыйынышып, жардам, колдоо сурап келишет. Демек, жаратылыш кыргыздардын аң-сезиминде терең орун алган руханий

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

байлыктардын бири. Бул жөнүндө белгилүү экологиялык аң-сезимди изилдөөчү М.Ж. Жумагулов мындай дейт «Дегеле жаратылыш культунун маани-маңызына ылайык эпикалык жамаат, көчмөн цивилизациясынын (түрк, алтай) субьектиси жана объектиси катарында кыргыздар эч качан өзүлөрүн табияттан, анын стихиялуу күчтөрүнөн жогору койгон эмес, жаратылыш кубулуштарына үстөмдүк кылуу аракети оюна да келбеген, дайыма ата-бабаларыбыз табиятты урматтап, кастарлап, аны менен шайкеш жашоо-тиричилик өткөрүүгө, гармонияда жашоого умтулушкан. Жалпы эле эпикалык дөөлөттөрдө , анын тутумунда «Манаста» табият же жаратылыш культу «жаратылышты», «ыйык нерселерди» адамдарга тартуулоочу материалдык гана эмес, руханий жөлөк дегенди да билдирет»[1].

Кыргыз элинин экологиялык аң-сезими, анын жаратылышка болгон мамилеси, эл арасында айтылып келген табият, жапайы жан-жаныбарлар менен байланышкан жомоктор, мифтер, уламалар, легендалар чыгармачыл адамдар үчүн дайыма түгөнгүз казына болуп келген. Көптөгөн жазуучулар аларды колдонуп, өркүндөтүп, элге жайылтып келишет. Кээ бир учурларда алар кандайдыр бир мазмуну, этика-эстетикалык, тарбиялык багыты терең, гениалдуу чыгармаларды жаратууга түрткү берип, өбөлгө түзгөн. Мисал катары Ч.Айтматовдун чыгармаларын алсак болот. «Ак кеме» повестиндеги бугу эненин образын берүү менен бирге автор адам баласы менен жаратылыштын тагдыры ажырагыс бирдикте экенин баса көрсөтөт. Повесте оң каарман болгон Момун абышканын бугу эне жөнүндөгү уламасы анын руханий байлыгы. Ал бул уламага өзү чын дили менен ишенет жана небересин да ишендирет.

Ал үчүн бугу өзү таандык болгон бүтүндөй бугу уруусу үчүн ыйык жаныбар, башкача айтканда тотем. Бугу Эне деерлик бугу уруусунун колдоочусу жана ар балээден сактоочусу. Момун бугулардын келгенин биринчи жолу көргөндө кичинекей баладай сүйүнөт, алардын келбетине суктанат.

Бул сцена повестте мындайча баяндалат. «Марал! Марал! – Коркунуч менен кубанычка каны дүргүп, дене-бою дүркүрөп, Момун аптыга кыйкырды. Анан кайра көргөн көзүнө ишене албай тып басылды…. О, касиетинден айланайын Мүйүздүү Эне! Сенин касиетиң сактады бизди! Көрдүңбү балам? Мүйүздүү Бугу Эненин балдарын көрдүңбү? Умай Энебиз кайра келген тура! Азыр көрдүңбү? – деп алактаган Момун Орозкулду сүйөп-жөлөп тургузду [2].

Бугу Эне жөнүндөгүуламанын азыркы заманга таандык, тарбиялык жана экологиялык мааниси чоң. Автор кыргыз элинин экологиялык аң-сезимине таянып, учурда Бугу Эне жөнүндөгү легенданы колдонуп глобалдуу экологиялык проблеманы коюп жатат. Себеби Кызыл китепке түшкөн баалуу жаныбарлардын дүйнө жүзүнөн таптакыр жок болуп кетүү коркунучу турат. Ошолордун бири- маралдар. Бул жаныбарлар илгери Кыргызстандын аймагында көп болгон. Кийинки, өзгөчө азыркы индустриялык доордо булардын саны өтө азайып, чанда кездешүүчү жаныбарга айланган.

Мунун негизги себептеринин бири- адамдардын жапайы жаныбарларга болгон мамилеси. Кийинки тагырак айтканда XXкылымдын аягында адамдар кээ бир руханий байлыктарды унуткандай. Анын ичинде – айлана-чөйрөгө, жапайы жан-жаныбарларга аяр мамиле кылуу.

Адамдар, айлана-чөйрө жана мындагы жан-жаныбарлар бирдиктүү экосистеманы түзүшөт. Бул экосистеманы түзгөн ар бир элементтин өзүнүн орду жана функциялары бар. Бул жалпылыктын уникалдуулугу анын ар түрдүүлүгүндө. Ар бир элемент кайталатангыс. Мында бир эле элементтин таптакыр жок болуп кетүүсү башкаларга терс таасирин тийгизет. Бул экосистемадагы коллизияны чагылдырган элдик чыгармалардын бири «Кожожаш» эпосу. Бул эпосто жаратылыштын адамдан улуулугу, анын мүмкүнчүлүктөрү чектелүү экендиги. А эгерде адам өтө чектен чыгып табият менен адамдын ортосундагы гармонияны буза турган болсо анда адам баласы өзү биринчи кезекте кыйын абалга туш болоорун көрсөтөт. Чыгармадагы сур эчки бул жалпылаштырылган образ. Ал бардык жапайы жан-жаныбарларды билдирет.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Кожожаштын трагедиясы менен кыргыз эли адамдарды, ыймандуулука, гумандуулука жана астейдил болууга чакырат. Азыркы учурда бул эпостун жаш өспүрүмдөрдү экологиялык жактан тарбиялоодо мааниси зор. Кыргыз эли байыртан эле жаратылыш менен өз ара шайкеш жашоого аракеттенген. Азыркы сөз менен айтканда экосистемадагы экологиялык балансты бузбоого умтулушкан. Бул өңүттөн алганда экологялык аң- сезимде кайберен көрүнүшүнө учкай токтолуу абзел. Кайберен бул жапайы жаныбарлардын ыйыгы, коргоочусу жана колдоочусу. Ал бул жаныбарлардын түпкү башаты, жалпы энеси деп айтсак да болот. Ал адамга жөн эле көрүнө бербейт. Анын көрүнүшү бул бир олуттуу, көйгөйлүү, опурталдуу нерсенин пайда болгондугунун белгиси. Кайберенди көргөн адам терең ойлонуп, акыл калчашы керек. Эгер кайберендин көрүнүшү ага табышмак болуп, себебин таба албаса, ал акылман адамдарга кайрылып кеңеш сурашы керек. Мисалы, Кожожаш эпосундагы сур эчки бул кайберен. Кайберен ыйык жан. Ага кол салган адам өз өмүрүнө балта чабат. Кайберендин каргышына калган адамдын өзү да, үй-бүлөсү да, жамандыкты көрөт. Кыскача айтканда, кайберен көрүнүшү экоаң-сезимдеги маанилүү руханий компонентердин бири.

Кыргыз элинин экологиялык аң-сезими көркөм адабиятта терең чагылдырылат. Мында биринчи иретте «Манас» эпосуна токтолуу керек. Эпосто ар бир жер аймагы эстетикалык, чарбалык, саясий аспектерден кылдат сүрөттөлөт. Өзгөчө кыргыз жергесинин кооздугу, кайталангыс уникалдуу жаратылышы, бул жердеги өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын түрлөрү баяндалат. Бул жөнүндө эпосто айтылат: «Жайлоосу жакын жанымда, жөөнүн жери – Кең Талас! Жылтыркан, шыбак аралаш койдун жери – Кең Талас! Тамашага ылайык тойдун жери – Кең Талас!»[3].

Дегеле жаратылышты жана жан-жаныбарларды сүрөттөдө алгачкы кыргыз ойчулдары, акындары айырмаланып турушат. Булардын өзгөчөлүгү Кыргызстандагы өсүмдүктөрдү, жаныбарларды өтө так жана терең билгендигинде. Бул жагынан алганда Асан Кайгы менен Молдо Кылычты баса белгилеп кетүү керек. Булар көрсөткөндөй адам баласы менен жаратылыш жалпы ажырагыс бирдикти түзөт. Жаратылышка келген ааламат адамга да, жан-жаныбарларга, айлана-чөйрөгө бирдей тийет. Илгерки бир замандарда жай мезгилинде кар жаап, жердин бетин муз каптап, суулар тоңуп, жут болуу коркунучу болгон экен. Ошондо Асан Кайгы мындай дептир: «Куйругу жок, жалы жок, кумда туулуп, чөлдө өскөн кулан байкуш кантти экен? Жармач эле малы жок, жамынарга жабуу жок, актап ичер таруу жок, алкынып чыгар алы жок, жарды байкуш кантти экен?» [4].

Ал эми Молдо Кылыч «Чүй баяны» поэмасында Чуй боорунда жашаган жапайы жан-жаныбарлардын көптөгөн түрлөрүн, бул жерде өскөн сандаган өсүмдүктөрдүн аттарын атап таң калтырат.

Ал мындай дейт: «Кең Чүй ата жаныбар, Кең-кесири жер экен. Абайласаң жеринде, ар жаныбар молу бар» [5].

Поэмада айтылгандай адамдардын бакубат жашоосу жаратылыш жана эмгек менен тыгыз байланышкан. Адамдар талыкпас эмгек менен жерди иштетип молчулукка, токчулукка жетишет.

Ал эми жапайы жан-жаныбарлар жана өсүмдүктөр адамдарды курчап турган өзүнчө чоң дүйнө. Булар адамдарды таң калтырып, эстетикалык дем берип туруучу байлык жана баалулук. Поэмада байкалгандай ал убакта азыркыдай экологиялык
к өптөгөн проблемалар жок.

Кыргыздардын салттуу экологиялык аң-сезиминде Жер, Суу - ыйык зат. Мунун түпкү маңызы Теңирчиликке барып такалат. Бул жөнүндө Чоюн Өмүраалы уулу мындай дейт: «Адам жер менен эле бирге Теңирдин кулуну. Ал Жер-энени,
К өк-атаны ээрчип мыйзамына ылайык жашамагы шарт. Көчмөндөрдү тээ баягы Угуз бабадан бери бир уюмдаштырып жалпы тил табыштырып аман алып келген күч-принцип ушунда»[6].

Ал эми суу жөнүндө атактуу Жеңижок ырчынын азыркыга чейин өз маанисин жоготпогон өтө терең мазмундуу «Аккан суу» деген ыры бар. Акын

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com


мында сууга ар тараптан глобалдуу мүнөздөмө берет. Бүт жер жүзүндөгү адамзатка жан-жаныбарга, өсүмдүктөргө жан берип, аларды өнүктүрүп, өстүргөн бул суу. Бүткүл ааламды «баккан». Ал универсалдуу субстрат. Суу жашоонун булагы. Суунун касиети-анын баардык дүйнө жүзүндөгү жандарга бирдей
« мамиле» жана бирдей «кызмат» кылгандыгында. Автор адамдарды сууну кадырлоого, сыйлоого ага «зыярат» кылууга үгүттөйт. Ал айтат «Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор, өзүнө өзү жоо болор» Акыл менен ойлоп ал, айткан жокмун тим гана» [7].

Кыргыз эли эзелтен эле тоо койнунда жаратылыш менен эриш-аркак жашап келген. Ошол себептен кыргыз адабиятында табиятты жана экологиялык аң-сезимди чагылдырган чыгармалар арбын. Азыркы учур бул экологиялык проблемалардын курчушунун мезгили. Мунун себептеринин бири адамдардын байыркы экологиялык принциптерден жана баалуктардан четтегендигинде.
Ошондуктан азыркы адбияттагы жазуучулардын бул принциптерди
« жандандыруу» жана экологиялык проблемаларды койуу боюнча аракеттери колдоого татыктуу. Мындай чыгармалардын жаш өспүрүмдөрдү, дегеле жалпы коомчулукту экологиялык жана моралдык жактан туура тарбиялоодо, алардын руханий байлыгын кенейтүүдө мааниси чоң.

**Адабияттар тизмеси**

1. Жумагулов М. Ж. Манастагы экофилософия [Текст] М.Ж. Жумагулов. - Б.: 2018. - 62-63-б.
2. Айтматов Ч. Үч томдон турган чыгармалар [Текст] / Ч.Айтматов. - Ф.: 1982. - 64-65-б.
3. Манас [Текст] : С. Каралаевдин варианты б-ча. - Б.: 2010. - 334-б.
4. Кыргыз поэзиясынын антологиясы [Текст] . - Б.: 1999. - 514-б.
5. Молдо Кылыч Казалдар [Текст] . - Ф.: 1990. - 81-б.
6. Өмүралиев Ч. Теңирчилик [Текст] / Ч.Өмүралиев. - Б.: 1994. - 95-б.
7. Кыргыз поэзиясынын антологиясы [Текст] . - Б.: 1999. - 648-б.